**Ош мамлекеттик университетининн Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин окуу-усулдук жыйналышынын**

**№ 2 протоколу**

Торайым – А.Парпиева  Ош шаары
Катчы – Бегимай Үсөн кызы  26-декабрь, 2023-жыл
Катышкандар: 19 (тизме тиркелет).
Күн тартиби:
1. 2023-жылдын 26-декабры күнү саат ЭАББПЖМнын окуу-усулдук кеңешинин кезектеги семинары.

1. Усулчулар - Айтигүл Жакып кызы, АЕИБнын окутуучусу "Англис тилин үйрөнүүдө айрым интеррактивдүү усулдар";
2. З .Асанахунова, РЕИБнын окутуучусу "Академиялык чынчылдык - билим берүүдө сапатты жакшыртуудагы негизги кадам";
3. С.Жолдубаева,ТМИБнын окутуучусу "SWOT-анализ жана "аны эффективдүү колдонуу".

2. Ар түрдүү маселелер.
1. ОшМУнун профессорлору аттуу К.Г.Кожобеков, Д.А.Турсунов, О.А.Мамытовдордун "Математикалык логика жана maple" окуу колдонмого жана ЭАББПЖМнын Россия-Евразия интеграция бөлүмүнүн доценттери Д.А.Акматова, К.Дж.Султановалар тарабынан даярдалган "Методика преподавания гуманитарных дисциплин в высшей школе" аттуу окуу колдонмону басмага сунуштоо.

1. УГУЛДУ:

Усулчулар ар бир алып чыккан усулдарын кенен жана кайтарым байланыш жасоо менен эң сонун усулдары менен бөлүшүштү.

I. СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:
Б.Марзабаева билим берүү сапатын жакшыртууда ушул сыяктуу усулдар менен бөлүшүү зарыл жана дагы кошумчалай турган учурларга токтолду.

I. ТОКТОМ кылынды:
1). Усулчулардын педагогикалык чыгармачылыктарынын жугумдуу болду деп эсептөө менен изденүү менен керектүү маалыматтары бөлүшүштү жана мыкты деп бааланды.

2. УГУЛДУ:
Жыйындын жүрүшүндө ОшМУнун профессорлору аттуу К.Г.Кожобеков, Д.А.Турсунов, О.А.Мамытовдордун "Математикалык логика жана maple" окуу колдонмого жана ЭАББПЖМнын Россия-Евразия интеграция бөлүмүнүн доцентттери Д.А.Акматова жана К.Дж.Султанова жогорудагы аталган окуу колдонмонун жазылуусу учурдун талабы экендиги, азыркы тапта гуманитардык адистиктердин кесипкөй адис болуп калыптануусунда пайдасы чоң эмгек болот деп эсептөө менен, авторлор тарабынан кыскача эмгек тууралуу сөз сүйлөндү жана Эл аралык билим берүү программаларынын окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрүнөн окуу колдонмону басмага сунуштоону суралды.

2.СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:
Профессор Э.К.Шарипова - ЭАББПЖМнин Россия-Евразия интеграция бөлүмүнүн доценттери Д.А.Акматова, К.Дж.Султановалар тарабынан даярдалган "Методика преподавания гуманитарных дисциплин в высшей школе" аттуу окуу колдонмо азыркы учурдун талабына ылайык түзүлгөн. Гуманитардык багытта окуган студенттер үчүн эң керектүү жана окутуучулар үчүн да пайдаланууга ыңгайлуу деп эсептеген оюн айтуу менен аталган эмгекти басмадан чыгарууга сунуштады

Доцент М.Орозов – Окуу колдонмо бардык заманбап окутуунун талаптарына жооп берет. Бул эмгек изденүүчүлүк менен жазылып, структурага салынган, ошондуктан өндүрүшкө сунуштайм жана аталган эмгекти басмадан чыгаруу жагы ЭАББПЖМнын Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

Ушундай эле ой-пикирлерди ОМК башка мүчөлөрү да билдиришти жана колдошту.

2. ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:
1. ОшМУнун профессорлору аттуу К.Г.Кожобеков, Д.А.Турсунов, О.А.Мамытовдордун "Математикалык логика жана maple" окуу колдонмого жана ЭАББПЖМнын Россия-Евразия интеграция бөлүмүнүн доценттери Д.А.Акматова, К.Дж.Султановалар тарабынан даярдалган "Методика преподавания гуманитарных дисциплин в высшей школе" аттуу окуу колдонмосу басмага сунушталсын.
2.Аталган эмгектерди басмага сунуштоо жагы Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин Окумуштуулар Кенешинен суралсын.

Төрайым:  А.Парпиева

Катчы:  Бегимай Үсөн кызы

Сканировано с CamScanner